**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

## ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН СЕССИЯСЫ 9-чакырылыш

## ТОКТОМ № 34

**2025-жылдын 20-майы** **Чалдовар айылы**

### Жайыт жер тилкесин мал жаюудан тышкары башка максатта - туризм багытында ижарага берүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы №515 токтому менен бекитилген “Мал жаюуга байланыштуу болбогон башка максаттар үчүн жайыт ресурстарын пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө типтүү жобого”, Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 1-ноябрындагы №662 токтому менен киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, жана “Чалдовар Сервис” муниципалдык ишканасынын жайыттар боюнча башкы адиси Данкеева Б.Э. тарабынан Абдыкадыров Калмырза Шерикбековичке 1 (бир) гектар жайыт жерин туризм жана эс алуу максатында — боз үйлөрдү орнотуу үчүн ижарага берүү тууралуу арызы угулуп, талкууланып, Фрунзе айылдык кеңеши сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ**:

1. Абдыкадыров Калмырза Шерикбековичке 1 (бир) гектар жайыт жерин мал жаюуга байланыштуу болбогон башка максатта - туризм жана эс алуу үчүн боз үй орнотуу максатында ижарага берүүгө макулдук берилсин.

2. Жердин так чектерин аныктап, тиешелүү документтерди даярдап берүү жана ижара келишимин мыйзам чегинде “Чалдовар – Сервис” муниципалдык ишканасы менен түзүлүшүн камсыз кылуу Чалдовар-Сервис муниципалдык ишканасынын директору М.Тунтеевге жүктөлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Фрунзе айылдык кеңешинин жер маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Тубекбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**